КАРЕГИМДЕ МЕКЕН ЧЕГИ

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КООПСУЗДУК МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИНИН ЧЕК АРА КЫЗМАТЫ

# Чегарада

НА ГРАНИЦЕ

АВГУСТ, 2023-ЖЫЛ № 08 (234)




Chegarada Chegarada Chegarada Chegarada Chegarada





2 БИР МАКСАТТЫ КӨЗДӨГӨН КООМДУ КУРАБЫЗ



3 БИЙИК УРААНДАР-ДЫН АЛДЫНДА ӨТКӨРҮЛДҮ




4 БАШЫБЫЗДЫ ИЙИП ТААЗИМ КЫЛАБЫЗ!



5 “ЧЕК АРА ТАКТАЛГАН АЙМАКТА КЫЗМАТ ӨТӨӨ КЫЙЛА ЖЕҢИЛ БОЛОТ ЭКЕН...”



7 СБОРЫ КИНОЛОГОВ



8 ӨЗ ӨМҮРҮҢӨРДҮ САКТАП КАЛГЫЛА!



# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК КООПСУЗДУК МАМЛЕКЕТТИК КОМИТЕТИНИН ЧЕК АРА КЫЗМАТЫНЫН ДИРЕКТОРУ ГЕНЕРАЛ-МАЙОР У.З. ШАРШЕЕВДИН КУТТУКТООСУ

**Жолдош чек арачылар!**

**Кадырлуу ардагерлер жана жарандык кызматкерлер!**

Сиздерди Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүгүнүн 32 жылдыгы менен чын дилимден куттуктайм!

32 жыл мурун Кыргызстандын тарыхына жаңы барак ачылып, кыргыз мамлекетинин эгемендүүлүгү жар салынган болчу. Түрдүү кыйынчылыктарга карабастан, биздин өлкө демократиялык принциптерди бекемдөө менен өнүгүү жолунда түз бара жатат.

Тынчтык, туруктуулук жана коопсуздук биздин өлкө үчүн эң маанилүү. Андыктан биз, чек арачылар, ушул багытка күнүмдүк кызмат менен өз салымыбызды кошууга милдеттүүбүз.



Чек ара коопсуздугун камсыз кылуу үчүн биз акыркы эки жыл аралыгында техникалык каражаттарды, жаңы курал-жарактарды жана автоунааларды активдүү модернизациялап жатабыз. Чек арачылардын социалдык шарттарын жакшыртуу жаатында да чоң жумуштар ишке ашырылууда. Алыскы аймактарда күндөп-түндөп, ысык-суукта кызмат өтөп жаткан кесиптештерибиздин жашоо, кызмат өтөө шарттарын жакшыртуу үчүн заманбап турак жайларды, казармаларды, кызматтык имараттарды куруу иштери токтобостон уланттылууда. Аскер кызматчылары, алардын үй-бүлөлөрү үчүн бул чоң кубаныч.

Чек ара кызматын колдоо багытында өлкө жетекчилиги олуттуу иштерди тынымсыз аткарып келүүдө. Өлкө жетекчилигин бизге болгон жогорку ишенимин актоо үчүн кесиптик чеберчиликти жогорулатуу, жаңы үлгүдөгү курал-жарактарды, каражаттарды сапаттуу өздөштүрүү жана аларды сактоодо, колдонууда кожоюндук мамиле жасоо керек.

Мекенибиздин келечеги үчүн ар бирибиз жоопкерчиликтүүбүз. Биз ак ниет кызматыбыз менен Кыргызстандын өнүгүшүнө салым кошо алабыз. “Туулган жердин топурагы алтын” дегендей, өз өлкөбүз, журтубуз бар экендигине, анын коопсуздугу үчүн кызмат кылганга сыймыктанышыбыз керек. Себеби, адам өз Мекенинде гана бактылуу боло алат!

**Урматтуу чек арачылар!**

**Кадырлуу ардагерлер жана жарандык кызматкерлер!**

Өлкөбүз түрдүү коркунучтардан алыс болуп, чек арабыз бекем, элибиз аманчылыкта, тынчтыкта, туруктуу өнүгүүсүнө тилектешмин.

Баарыңыздарга бекем ден соолук, узун өмүр, үй-бүлөлүк бакыт, кызматыңыздарга албан ийгилик жана кесиптик чеберчилик каалайм.

Майрамыңыздар менен!

## “БАТКЕН ОБЛУСУНУН АРДАКТУУ АТУУЛУ” НААМЫ ЫЙГАРЫЛДЫ




**Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын Баткен облусу боюнча башкармалыгынын башчысы полковник Төлөнбаев Кыялбек Жоробаевичке “Баткен облусунун Ардактуу атуулу” наамы ыйгарылды.**

“Ардактуу атуул” наамы Баткен облусунун башкы чек арачысына Баткен облусунун аймагында коопсуздукту камсыз кылууда, калктын жашоо турмушун жакшыртууда элдин биримдигин, достугун бекемдөөгө кошкон өзгөчө зор салымы жана атуулдук милдеттерин аткарууда жетишкен албан ийгиликтери үчүн тапшырылды.

Наамды 29-августта Кыргыз Республикасынын Президентинин Баткен облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Абдикарим Алимбаев облус активи катышкан жыйында салтанаттуу тапшырды.

Кыялбек Төлөнбаев Мамлекеттик чек ара кызматынын Баткен облусунун аймагындагы чек ара бөлүктөрүндө 15 жыл кызмат өтөгөн. Ал буга чейин чек ара кызматынын Баткен облусу боюнча башкармалыынын башчысы кызматын аркалап турган.

Белгилей кетсек, Кыргыз Республикасынын УКМК Төрагасынын буйругуна ылайык, полковник Төлөнбаев Кыялбек Жоробаевич Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын Күжүрмөн ардыдык башкармалыгынын башчысы кызмат ордуна дайындалды.



Ал эми Кыргыз Республикасынын УКМКнын Төрагасынын дагы башка буйругуна ылайык, полковник Надырбеков Замирбек Касымбекович Чек ара кызматынын Баткен облусу боюнча башкармалыгынын башчысы кызмат ордуна дайындалды.

**“Чек ара-пресс”.**

## БИР МАКСАТТЫ КӨЗДӨГӨН КООМДУ КУРАБЫЗ



***Жакында Каракол шаарында өлкөбүздүн эгемендик күнүнө карата Кыргыз Республикасынын күч түзүмдөрүнүн, тактап айтканда, Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлиги, УКМК Чек ара кызматы ОКМ, ИИМ ардагерлеринин арасында өлкө башчысынын жарлыгынын негизинде кабыл алынган «Кыргыз жараны» концепциясы жана этнос аралык байланышты өркүндөтүү багытында конференция болуп өттү.***

Иш-чаранын жүрүшүндө “Кыргыз жараны” концепциясынын негизги максаты жана багыттары талкууга алынып, аталган концепция элдин биримдигин бекемдеп, маданий ар түрдүүлүктү сактоого багыт алгандыгы, улутуна, динине карабай өлкөнүн өнүгүүсүнө салым кошо турган мууну калыптандыруу негизги максат катары каралып жаткандыгы баса белгиленди.

Эске сала кетсек, ар улуттун маданиятын сактап калууга көмөк көрсөтүп, ошол эле учурда жалпы элди бир туунун алдында бириктирүүнү максат кылган “Кыргыз жараны” концепциясы 2020-жылдын ноябрь айында кабыл алынган. Концепция «Кыргыз жараны» деп өзүн таанууну Кыргыз Республикасынын бардык жарандарын бириктирүүчү жана элдин бирмдигин бекемдөөчү катары карайт. Концепция буга чейин жер-жерлерде талкууланып келүүдө.

Иш –чарада “Кыргыз жараны кандай болушу керек” деген суроого да жооп изделди. Бул сөз улуту кыргыз адамга гана таандык эмес. Өлкөнүн атуулдары этникалык ар түрдүүлүгүнө карабай “кыргыз жараны” катары саналат. Мамлекеттик тилди өнүктүрүп, бирок ошол эле учурда башка улуттун да маданиятын сактап калуу толеранттуу, ынтымагы бекем, бир максатты көздөгөн коомду курууга жол ачаары ардагерлер тарабынан баса белгиленди.

Конференциянын соңунда 92874 аскер бөлүгүндөгү спорттук жайда ардагерлер арасында спорттун үч түрү: шахмат, теннис, бильярд боюнча мелдештер өткөрүлдү. Бул иш-чаранын демилгечиси Ысык-Көл облустук Курал-дуу күчтөрдүн Ардагерлер кеңешинин төрагасы Тапа Чыныбаев болду.

Ардагерлердин демилгесине колдоо көрсөткөн Ысык-Көл облусунун жетекчилигине, Каракол шаарынын мэриясына жана Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин 92874 аскер бөлүгүнүн жетекчилигине ардагерлер чоң ыраазылыгын билдиришти.

Бул иш-чаранын жүрүшүндө ардагерлер бир-бири менен жакындан таанышып, пикир алмашып, черин жазып эс алышты. Албетте, спортто жеңүүчүлөр жана жеңилүүчүлөр болот демекчи, жеңүүчүлөр баалуу сыйлыктарга ээ болушту.

**Чек ара кызматынын ардагери М.Бекболотов.**

# БИЙИК УРААНДАРДЫН АЛДЫНДА ӨТКӨРҮЛДҮ

**Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын Жалал-Абад облусу боюнча башкармалыгы 2027 аскер бөлүгүнүн 13-август-аскер бөлүктүн түзүлгөн күнүнө карата майрамдык иш чараларды өткөрдү. Белгилүү датага карата майрамдык митинг жана спорттук мелдештер өткөрүлдү.**







Салтанаттын жүрүшүндө өздүк курамды 2027 аскер бөлүгүнүн түзүлгөн күнү--21 жылдык мааракеси менен аталган башкармалыктын башчысы полковник С.О. Токтосунов куттуктады. Ал өз сөзүндө аскер бөлүктүн кыскача тарыхына токтолуп, бөлүктүн түзүлүү жолундагы жетишкендиктерин баса белгилеп, сөз соңунда өзгөчө мыкты кызмат өтөгөн аскер кызматчыларга, жарандык кызматчыларга сыйлыктарды тапшырды.



Аскер бөлүктүн уюшулган күнүнүн алкагында өткөрүлгөн эки күндүк спорттук мелдештер мини футбол жана стол үстүндөгү теннис боюнча өткөрүлүп, өздөрүнүн мыкты спорттук чеберчилигин көрсөткөн чек арачы оюнчуларга дагы кубок менен дипломдор тапшырылды.

Майрамдык мааракe жакшы демилгеде, тынчтык мезгилде, эл-жерине, Мекенине мыкты кызмат өтөө, бийик тепкичтерди багындыруу, чекте туруп коюлган тапшырмаларды туура, так аткаруу ураанында өткөрүлүп жыйынтыкталды.

**Н. Бакиров.**

# *ЖЕРГИЛИКТҮҮ БИЙЛИКТЕН ЧЕК АРАЧЫЛАРГА ЖАРДАМ*

**Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын облустардагы башкармалыктары жергиликтүү бийлик өкүлдөрү менен бирдиктүү иш жүргүзүүнүн натыйжасында аскер бөлүктөрдүн инфраструктурасын жакшыртуу жагы жакшы жолго коюлууда.**






Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы-акиминин демилгеси менен Баткен облусунун өнүктүрүү фондунан чек арачыларга шефтик жардам көрсөтүлүп, 2023 аскер бөлүгүнө футбол аянтчасы курулууда. Мындай демилге өздүк курамдын моралдык жана психологиялык абалын жакшыртуу жана спортко болгон кызыгуусун көтөрүү максатын көздөгөн.

Мындан сырткары, аскер бөлүктүн аскер кызматкерлеринин жашоо шартын жакшыртуу жана жаш өспүрүмдөрдүн ден соолугун чыңдоо, сергек жашоо мүнөзүн калыптандыруу, аң сезимин жогорулатуу максатында, Айдаркен шаарынын мэри тарабынан шефтик жардам көрсөтүлүп, 2023 аскер бөлүгүнүн офицерлер шаарчасына балдар үчүн аянтча куруу иштери жүргүзүлүүдө.


**У. Чийнебаев.**

# *МЕКЕН САКЧЫЛАРЫНА АРНАЛДЫ*

**Кыргыз Республикасынын Эгемендүүлүк күнүнүн 32 жылдык мааракесине карата Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын 2021 жана 2051 аскер бөлүгүнүн өздүк курамы жана үй- бүлөсү үчүн Лейлектин өнөрпоз уул кыздары чон программадагы майрамдык концерт тартуулашты.**




Майрамдык концерт жогорку деңгээлде өткөрүлүп, өздүк курамдын маанайы көтөрүлдү. 2051 аскер бөлүгүнүн командири полковник Р.Б.Казаев өздүк курамдын маданий эс алуусуна салым кошуп, майрамдык маанай тартуулаган Илегилек мекенинин таланттарына ыраазылык билдирди. Өз кезегинде, маданият кызматкерлери да чек арачыларды өлкөбүздүн эгемендүүлүк күнү менен куттукташып, жоопкерчиликтүү жана сыймыктуу ишине ийгиликтерди каалап кетишти. “Күнү- түнү элибиздин бейпилдиги, жаркын жашоосу, мамлекетибиздин бүтүндүгү үчүн кызмат өтөп жаткан Мекен сакчыларына болгон урмат- сыйыбызды ушундай маанай жаркыткан ырбий аркылуу билдиребиз”.- дешет өнөрпоздор.



**Н. Асатова.**

# БААТЫРЛАРДЫН ЫСЫМДАРЫ 7 КӨЧӨГӨ ЫЙГАРЫЛДЫ

**Жакында Баткен облусунун Баткен шаарында айрым көчөлөрдүн аталыштары өзгөртүлдү. Бул саамалык 2022-жылдын апрель-сентябрь айларында кыргыз-тажик чек арасында болуп өткөн куралдуу кагылышууда каза болгон маркумдардын элесин түбөлүккө калтыруу максатында кабыл алынган шаардык кеңештин токтому менен ишке ашырылган.**

Бул демилгени Баткен шаардык кеңешинин депутаттары бир добуштан колдоп, негизинен, Баткен шаарында төрөлүп, өскөн, өз жерин, өз элин, киндик каны тамган Баткенин баскынчылардан коргоп жатып баатырларча курман болгон аскер кызматкерлеринин ысымдарын өлбөсөчпөс кылып калтыруунун, маркумдарга болгон урмат-сыйдын, таазимдин дагы бир жолу катары шаардын көчөлөрүнө маркумдардын ысымдарын ыйгаруууну чечишкен. Аталышы өзгөргөн көчөлөрдү атай кетсек:

Базар –Башы кварталынын Тынчтык көчөсү Нургазы Баркошев атындагы көчө болуп өзгөргөн. Ал Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын “Бөрү” атайын дайындоодогу отрядынын аскер кызматкери болгон. Нургазы 16-сентябрда “Достук” заставасында курман болгон.

Кызыл-Дөң кварталынын Коммунистическая көчөсү Илимбек Мурзаев атындагы көчө болуп өзгөргөн. Баткен шаарынын тургуну, 27 жаштагы Илимбек Мурзаев кыргыз-тажик чек арасында куралдуу кагылышта Ак-Сай аймагында курман болгон.

Ал эми Чет-Булак кварталынын Айгүл Гүлү көчөсүнө Санжар Анаркуловдун ысымы ыйгарылган. Санжар Достук айылындагы чек ара тозотунда кызмат өтөп жаткан. Ал танк экипажынын мүчөсү болгон. Аткылоонун натыйжасында танктын ичинде дагы эки аскер менен бирге тирүүлөй күйүп кетишкен.

Баткен шаарынын ушул эле Чет-Булак кварталынын Чет-Булак көчөсү Айбек Абдиллабеков атындагы көчө болуп калган болсо, Базар-Башы кварталынын Токтогул Олуя көчөсү Махаматжан Мапаевдин атын алып жүрмөкчү. Улук сержант Махаматжан Мапаев Баткен шаарында туулган. 16-сентябрда кыргыз-тажик чек арасында тажик тараптын миномётунан жаракат алып, көз жумган.




Кызыл-Жол кварталынын Айдың –Көл көчөсү ИИМдин Ички аскерлеринин №707 аскер бөлүгүнүн улук сержанты Дурусбек Каныбек уулу атындагы көчө болуп өзгөрсө, Кызыл-Дөң кварталынын Тамаша-Жай көчөсү Айбек Ысманов атындагы көчө болуп аталды. Айбек Ысманов Кыргыз Республикасынын ӨКМнин кызматкери болгон. Ал 16-сентябрда кызматтык милдетин аткарып жатып каза болгон.

**К. Эсеналиева.**

## БАШЫБЫЗДЫ ИЙИП ТААЗИМ КЫЛАБЫЗ!




***Баткен облусунун Көк-Таш айылындагы көчөнүн бирине былтыркы жылы кыргыз-тажик чек арасында болуп өткөн куралдуу кагылышууда баатырларча курман болгон прапорщик Анаркулов Санжардын ысымы ыйгарылды.***

Эске сала кетсек, прапорщик Санжар Анаркулов кыргыз-тажик чек арасында болгон куралдуу кагылдышууда Баткен облусунун кыргыз-тажик чек арасында жайгашкан Достук айылын баскынчылардан коргоп жатып баатырларча курман болгон. Куралдуу кагылышуунун учурунда Санжар куралдаштары менен Достук айылынын жашоочуларын коргоп, алардын өмүрүнө келген коркунучка жол бербөө максатында танк менен баскынчылардын алдын тороп турган. Ага карабастан душмандар танкты көздөй ок жаадырышып, техниканы жарактан чыгарышкан.

Эскерүү митингине Баткен шаар башчылыгынын, Баткен шаарындагы Күч структураларынын, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, баатыр чек арачынын ата-энеси, туугандары жана ошондой эле 2053 аскер бөлүгүнүн жетекчилиги жана өздүк курамы катышты. Иш-чаранын жүрүшүндө Санжардын куралдаштары, дос , туугандары эскеришип, ата-энесине көңүл айтышты, соңунда маркумдун арбагына багышталып куран окулду.

Мекен үчүн жанын курман кылган баатырдын кажыбас кайратына, таймандастыгына башыбызды ийип таазим кылабыз! Баатырдын өзү өлсө да, анын эрдиги өлбөйт!

**А.Бөрүбаев.**

## МАРАТТЫН ЫСЫМЫ КӨЧӨГӨ ЫЙГАРЫЛДЫ




***2022-жылдын сентябрь айындагы кыргыз-тажик чек арасында болуп өткөн куралдуу кол салууда курман болгон баатыр чек арачыларыбыздын бири Ташмирзаев Мараттын ысымы жакында Кадамжай районунун Айырбас айылындагы көчөлөрдүн бирине ыйгарылды.***

Баатырдын атын көчөгө ыйгаруу аземине Кадамжай райондук мамлекеттик администрациясынын өкүлдөрү, жергиликтүү бийликтин өкүлдөрү, Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын 2051, 2023 аскер бөлүктөрүнүн башчылары, чек арачы жоокерлер, баатыр чек арачынын жакындары, айылдын жашоочулары катышты.

Иш-чарада Мараттын өмүр баяны окулуп, анын баатырдыгы эскерилип, маркумдун арбагына багышталып куран окулду.

Курман болгон баатырыбыз Мекен чегин коргоо деген ыйык милдетти аткарып жатып шейит кеткен. Биздин эр жүрөк чек арачыбыздын жааган октон жалтанбаган эрдигине, душман мизин кайтарган кайратына, чек арадан артка чегинип бербей, бекем туруп берген тайманбастыгына таазим кылабыз! Баатыр өлбөйт, өлбөйт эрдик, баатырдын аты кылымдарга эскерилип кала берет...

**У. Чыйнебаев.**

*Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын 2028 аскер бөлүгүнүн "Каркыра" чек ара кызмат бөлүмүнүн башчысы капитан* **АХУНОВ ЖООМАРТ:**

# "ЧЕК АРА ТАКТАЛГАН АЙМАКТА КЫЗМАТ ӨТӨӨ КЫЙЛА ЖЕҢИЛ БОЛОТ ЭКЕН..."

**---Жоомарт Муратбекович, өзүңүздү окурмандарга кыскача тааныштыра кетсеңиз...**

--- Мен, Ахунов Жоомарт, учурда Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын 2028 аскер бөлүгүнүн "Каркыра" чек ара кызмат бөлүмүнүн башчысы болуп кызмат өтөп жатам. 29 жаштамын, 1994-жылы 12-сентябрда Баткен облусуна караштуу Кадамжай районун Кара-Кыштак айылында туулгамын. 2012-жылы орто мектепти ийгиликтүү аяктап, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн генерал-лейтенант К.Усенбеков атындагы аскердик институтунун 1-курсуна кабыл алынып, 2016-жылы аскердик институтту лейтенант аскер наамын алуу менен ийгиликтүү аяктадым. Ошол эле жылы Ош Мамлекеттик университетинин юридикалык факультетинин сырттан окуу бөлүмүнө тапшырып, аталган окуу жайын 2020-жылы аяктап, "юриспруденция" адистигине ээ болдум.

Үй-бүлөдө экинчи баламын. Агам, иним жана карындашым бар. Ата-энем жөнүндө айта кетсем, атам Шамшиев Муратбек учурда дыйканчылык менен алектенет. Апам Абдраимова Нуржан билим берүү тармагына эмгеги сиңген адам. Ал №56 мектепте мугалим болуп эмгектенет. Биздин жогорку билим алышыбызга ата-энебиздин түрткүсү чоң. Өзүмдүн жаш мамлекетим, үй-бүлөм тууралуу айта турган болсом, өмүрлүк жарым Аталова Гульфина кесиби боюнча "акушер-гинеколог", аскер кызматкерлеринин жубайлары күйөөсү кайда болсо жанында жүрүп, "оорун-колдон, жеңилин-жерден" алып келишкендиктен, ал да мени колдоп, кайда кызмат өтөсөм жанымда болуп, азыркы учурда үй кожойкесинин милдетин аткарып келүүдө. Бир жаштагы Адеми аттуу ширин кызыбыз бар.



**---Чек арачынын кесибин тандоого эмне түрткү болду?**

---Кесип тандоодо, албетте, эки мамлекет чектешкен чек арага жакын жашаганыбыз түрткү болсо керек. Дегеним, бала чагыбыздан эле чек ара маселелерине аралашып жүрүп чоңойдук. Ошондуктан, чек арачы болуу менин балалык кыялым болчу деп айта алам. Мектепти аяктап жатканда башка кесипти тандоо оюма келген эмес. Мен чек арачы болом деп чечим койгом. Ошол себептен мен аскердик окуу жайга тапшырып, ийгиликтүү аяктаарым менен өмүрүмдү чек араны коргоого арнадым.



**---Аскердик кызмат өтөөнү кайсы жерден баштадыңыз, кызмат өтөө кандай өтүп жатат?**

---Окуу жайын аяктаган күндөн тартып жети жыл аралыгында бир топ аскер бөлүктөрүндө кызмат өтөөгө жетиштим. Алгач, 2030 аскер бөлүгүндө тарбия иштер бөлүмүнүн офицери болуп кызмат жолумду баштадым. Андан соң, 2022 аскер бөлүгүндө "Тамдык" чек ара заставасынын башчысынын тарбия иштер боюнча орун басары, 2018-жылдан тартып 2023 аскер бөлүгүнүн "Факел", 2019-2021-жылдары 2021 аскер бөлүгүнүн "Кулунду", "Таш-Булак" чек ара заставаларынын башчысынын кужурмөн даярдык боюнча орун басары болуп кызмат өтөп келдим. Бул жылдар аралыгында мен чек араны коргоо жаатында чон тажрыйба топтодум десем жаңылышпайм.

Азыркы учурда Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын 2028 аскер бөлүгүнүн "Каркыра" чек ара кызмат бөлүмүнүн башчысы кызмат ордунда кызмат өтүп жатам. Кызмат өтөп жатканыма 2 жыл болуп калды.

**--- Түндүк тарапта аскердик кызмат өтөөдө кандай өзгөчөлүктү байкадыңыз?**

---"Каркыра" чек ара кызмат бөлүмү кыргыз-казак чек арасы чектешкен чек араны кайтарат, жайгашкан жери Каркыра жайлоосунда. Менин жеке оюм боюнча, Мамлекеттик чек ара такталган аймакта кызмат өтөө, албетте, кыйла жеңил болот экен. Баткен облусунда кызмат өтөп жүргөн кезимде көп убактымды чек арада жүрүү менен өткөрсөм бул жакта үй-бүлөгө көңүл буруууга да убактым болуп жатат. Анткен менен, "такталган чек арадабыз" деп эле тынч жатпайбыз. Милдетибизди так жана туура аткарганга аракет кылып жатабыз.

**--- Кызмат өтөөдө кандай көйгөйлүү маселелер бар?**

---Кызмат боюнча айта кетсем көйгөйлүү маселелер деле жок. Бирок, чек арачынын жашоо-шартына байланыштуу айта кетчү ойлорум бар. Ар бир чек арачы Ата Мекенге татыктуу кызматын кылып, өз убагында ардактуу эс алууга чыкканды каалайт. Жашоосу чек араны кайтаруу менен өткөн чек арачынын турак жай менен мамлекет камсыз кылууга милдеттүү. Азыркы учурда жаш чек арачылардын көйгөйлүү маселеси турак жай маселеси болууда. Себеби, ардактуу эс алууга чыкканда ар бир чек арачы көчөдө калбай, "баш калкалай турган үйүм бар" деген ишеничи болушу абзел. Мамлекет ар бир чек арачыны турак жай менен камсыз кылганга жетише элек. Ошондуктан, көпчүлүк чек арачылар ипотека менен турак жай алып, кызматын өтөп жаткан учурда акчасын төлөп кутулуп алууну ойлошот. МИКтин (Мамлекеттик ипотекалык компания) шарттары боюнча турак жайды Кыргыз Республикасынын бардык аймагында алууга болот. Бирок, мамлекеттик банктардын шарттары боюнча акча менен каржылоо убагында кызмат өтөгөн аймактан 60 км аралыктан ашпоосу керек экен. Мындай учурда биз кандай шартта алышыбыз керек? Эгер биз тоолуу аймакта, чек арада кызмат өтөп жатсак бизге банктын шарттарын өзгөртүү же болбосо жеңилдетүү керек да. Ушул маселени мамлекеттик деңгээлде карап, чечип беришсе жакшы болоор эле.

**--- Чек ара сиз үчүн...?**

---Чек ара мен үчүн ыйык жана кол тийгис, ошондуктан мен чек арачы болгонума сыймыктанам.

**---Дегеле, чек арачы кандай адамдык сапаттардын ээси болушу керек, сиз адамдардын кандай сапаттарын баалайсыз?**

---Чек арачы, аскер кызматкери катары, биринчиден, мекенчил (патриот), эр жүрөк, адамгерчиликтүү, кесипкөй болушу зарыл. Ал эми адамдык сапаттардан адамдын чынчыл, ак-көңүл, боорукер, бир мүнөз сапаттарын баалайм.

**--- Кыргызстандын чек ара кызматынын келечегин кандай көрөсүз?**

---Мен өлкөбүздүн жаркын келечегине ишенем. Кыргызстандын чек ара маселесинде ээн, такталбаган аймактар такталып, коңшу мамлекеттер менен достукта жашаган бакубат жашоого келебиз деген тилегим бар. Кыргызстандын Чек ара кызматы дагы акыркы жылдары материалдык – техникалык базасын чыңдап, күчтөнүп, жаңы курал-жарак, техника менен камсыз болуп жатат. Келечекте Чек ара кызматы күчтүү, абройлуу кызматтардын катарында болот деген ишеним бар.



**--- Эгемендик күнүнө каалоо-тилек айта кетиңиз.**

---Урматтуу кесиптештер! Сиздерди 31-август өлкөбүздүн Эгемендүүлүк күнү менен куттуктайм! Кыргызтаныбыздын келечеги кең болуп, өнүккөн мамлекеттердин катарына кирээрине ишенем. Асманыбыз ар дайым ачык болсун!



**Маектешкен: К. Эсеналиева.**

# “ТИЛИҢДИ КОРГОЙ АЛБАСАҢ, ЧЕК АРАЛАРЫҢДЫ АЧЫП КОЙ, АЛ МАМЛЕКЕТ СЕНИКИ ЭМЕС...”



***КР УКМК Чек ара кызматынын Мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана лингвистикалык-экспертизалык бөлүмчөнүн башчысы подполковник У.Калназаров:***

**--Белгилүү болгондой, үстүбүздөгү жылдын 17-июлунда “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө” Конституциялык мыйзам кабыл алынды. Аталган мыйзам кабыл алынаары менен коомчулукта кызуу талкуу жаралып, кайчы пикирлер айтыла баштады. Сиздин бул кырдаалга карата көз карашыңыз кандай?**

--Мыйзамдын мындай талкуу жаратышы күтө турган нерсе болчу. Айрыкча, мыйзамдагы кыргыз тилин билүүгө жана өз ишинде колдонууга милдеттүү адамдардын тизмеси көрсөтүлгөнү ошол көпчүлүктү дүрбөлөңгө салды. Себеби, ага мамлекеттик жана муниципалдык кызмат орундарын ээлеген, ошондой эле жеке мекемелердин кызматкерлери кирди.

Чынын айтканда, өз мекенибизде мамлекеттик тилди жайылтуу үчүн атайын Конституциялык мыйзам кабыл алуу зарылдыгы жаралгандыгы өкүнүчтүү. Мамлекеттик тилибиз кандайдыр бир ченемдик укуктук актынын күчү менен эмес, адамдардын улуттук аң-сезиминин чегинде жайылтылып, пайдаланылышы керек эле – бул маселенин биринчи жагы. Маселенин экинчи өңүтү – кабыл алынган мыйзамда каралган талаптарды кынтыксыз аткаруу зарылдыгы менен байланышта каралышы керек. Айтайын дегеним, биз бул маселени улуттук аң-сезимдин чегинде өз эркибиз менен чече алган жокпуз. Андыктан, мамлекеттик тилибизди тийиштүү деңгээлде өздөштүрүүбүздү талап кылып, кыргыз тилин колдонуу чөйрөсү менен тил билүү денгээлин аныктаган талаптарды аткаруу – бул биздин милдет. Бул милдетти биз, чек арачылар, чоң жоопкерчилик менен аткарышыбыз керек. Анткени, кыргыз жергесинин астанасын алгач аттаган адамга улуттук тил аркылуу “кыргыз рухун” таанытуу парзы бизге жүктөлгөн. “Тилиңди коргой албасаң, чек araларыңды ачып кой, ал мамлекет сеники эмес” деген накыл кеп кыргыз элинде бекеринен айтылып калбаса керек. Дал ушул себептерден улам, мамлекеттик тил жөнүндө Конституциялык мыйзам боюнча эч кандай кайчы пикир жаралышы керек эмес, мыйзамдын талаптарын аткаруу гана талап кылынат.

**- Конституциялык мыйзамда чек арачыларга тийиштүү кандай талаптар каралган?**

- Кыргыз Республикасынын Конституциялык мыйзамынын талаптарына ылайык, биздин ишмердикке жакын чөйрөлөрдү талдап карай турган болсок, мамлекеттик тил төмөнкүлөрдө милдеттүү түрдө пайдаланылууга тийиш: Кыргыз Республикасынын сот өндүрүшүндө, Куралдуу Күчтөрүндө, укук коргоо органдарында; Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган эл аралык келишимдерди түзүүдө; ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгууда, иш кагаздарын жүргүзүүдө жана документ жүгүртүүдө; мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчиктин бардык формаларындагы мекемелердин жана уюмдардын аталыштарында; географиялык аталыштарда жана топонимика объекттеринин аталыштарында, адам аттарында жана башка. Мындан тышкары, Конституциялык мыйзамдын 8-беренеси менен *“Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндө жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык түзүлгөн башка аскердик түзүмдөрдө ченемдик актылар, документтер, иш кагаздарын жүргүзүү, командалар, окутуу, тарбиялык иш-чаралар, уставдык мамилелер жана кызматтык иштер мамлекеттик тилде жүзөгө ашырылат” деген талаптар каралган. Дагы бир белгилей кетчү жагдай, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 21-ноябрындагы № 757 токтомуна ылайык* “жогорку, башкы, улук жана кенже топтордогу административдик кызматтарды ээлеген мамлекеттик кызматчылар жана муниципалдык кызматчылар мамлекеттик тилди төмөнкүдөй көлөмдөн жана деңгээлден кем эмес билүүгө милдеттүү: *базалык деңгээлден (A2) - 2019-жылдан тартып; орто деңгээлден (B1) - 2020-жылдан тартып; ортодон жогору деңгээлден (B2) - 2021-жылдан тартып.*

**- Чек ара кызматында мамлекеттик тилди тийиштүү деңгээлде жайылтуу үчүн алгачкы кадам кандай болушу керек деп ойлойсуз?**

- Чек ара кызматында мамлекеттик тилди пайдалануу боюнча алгачкы кадам бир топ жылдар мурун эле жасалып, учурда белгилүү бир нукка түшүп калгандыгын белгилей кетүү керек. Бирок, бул деңгээлибиз да тили жаңы чыгып келе жаткан наристенин алгачкы кадамдарындай эле деңгээл десек болот. Ал эми кыргыз тилибизди Конституциялык мыйзамда аныкталгандай даражада өздөштүрүү кадамын ар бир чек арачы “мен кыргызмын, менин кыргыз экендигимди тастыктоочу эң негизги каражат – менин эне тилим” деген аң-сезимдин чегинде мамиле кылуу менен баштаса туура болот. Бул маселени руханий жактан алып караганда туура келчү тыянак. Мамлекеттик тилди мыйзамда аныкталган деңгээлде өздөштүрүү кадамы ар бир аскер кызматкеринин тил саясатын колдоо жана өздөштүрүү боюнча мамилесинен, эркинен башталат. Башка эч нерсенин кереги жок. Ушул гана нерселер болсо, калганы өзүнөн өзү нукка түшөт.

**- Бардыгыбыз кыргыз тилинде сүйлөсөк эле калган маселенин баары чечилет деген көз караштасызбы?**

- Бардыгыбыз кыргыз тилинде сүйлөсөк эле калган маселенин баары чечилет деген көз караштты карманбайм. Бирок, улуттун эне тилине болгон мамилеси аркылуу адамдардын өзүнө, үй-бүлөсүнө, элине, тарыхына, Мекенине болгон сүйүү, сыймыктануу, аздектөө сезимдери калыптанаарын жана дал ушул мүдөө-талаптын негизинде, тактап айтканда, кыргыз элинин рухун көтөрүп, аларды бир түндүккө бириктирүү аркылуу башка көйгөйлөрдү оңой чечүүгө болооруна көзүм жетет. Чек арачы мамлекеттик тилден башка коңшу мамлекеттердин кытай, казак, өзбек, тажик тилдерин, Кыргыз Республикасынын расмий тили болуп саналган орус тилин жана дүйнөлүк тил катары таанылган англис тилин өздөштүрсө ашыктык кылбайт, ушундан улам кыргыз тилинде “канча тил билсең, ошончо дил билесиң” деген кеп айтылып калган.

**---Маегиниз үчүн рахмат! Ишиңизге ийгилик каалайбыз!**

**“Чек ара-пресс”.**

# СБОРЫ КИНОЛОГОВ

**На базе пограничной заставы "Степное" Чуйского управления Пограничной службы ГКНБ Кыргызской Республики с 10 по 11 августа 2023 г. были проведены сборы со старшими вожатыми служебных собак подразделений границы.**

Практическая работа специалиста-кинолога со служебной собакой в составе пограничного наряда, а также работа по совершенствованию навыков дрессировки – вот основная цель сборов.



В рамках мероприятия его участники изучили особенности организации и несения службы в составе тревожной группы.

Военнослужащие, обученные в кинологическом центре Пограничной службы ГКНБ Кыргызской Республики, продемонстрировали действия кинолога при потере собакой следа сбежавшего учебного нарушителя, отработали вопросы постановки собаки на запаховую следовую дорожку и применение её при задержании.

Кроме того, отдельное внимание было уделено вопросам соблюдения мер безопасности и оказания первой помощи собаке, а также порядку заполнения книг и журналов по кинологии.



По окончании сборов все участники сдали зачеты на знание нормативных документов.



Организаторы сборов провели соревнование на звание «Лучший кинолог».

По итогам конкурса первое место занял старший вожатый служебных собак пограничной заставы "Кант" сержант Элдияр Осмонов. Второго места был удостоен старший вожатый служебных собак пограничной заставы "Степное" рядовой Илгиз Капашев. Третье место занял старший вожатый служебных собак пограничной заставы "Чалдыбар" младший сержант Чынгыз Касымбеков. Победители были награждены кубками и дипломами.

**подполковник А. Бериков.**

# ПУТЕШЕСТВИЕ ВОЕННЫХ СВЯЗИСТОВ

***В соответствии с планом основных мероприятий управления связи и автоматизации ежегодно на участках Ошского, Нарынского и Иссык-Кульского областных управлений Пограничной службы проводится сезонное обслуживание воздушных линий связи.***

***Как всем известно, основная часть охраняемого участка государственной границы в данных регионах проходит по горным массивам, по этой причине связь между отделениями пограничной службы, в основном, осуществляется посредством воздушных линий.***

***Оптоволоконные кабеля проходят по пути следования пограничных нарядов, и, естественно, что неисправность линий хотя бы на одном направлении может привести к потере связи с пограничным нарядом. Поэтому связисты всегда начеку и несколько раз в год совершают обход оптоволоконных кабелей для выявления дефектов.***

***В этом номере газеты мы хотим рассказать вам о реальной истории, которая произошла со специалистами службы связи Нарынского областного управления во время одного из таких походов.***

Летний ветер ласкал лица группы военнослужащих, собравшихся ранним августовским утром на рассвете. Впереди связистов ожидала многодневная операция по ремонту и обслуживанию воздушной линии связи на левом и правом флангах государственной границы. Но практически у каждого из них было чувство, что этот поход будет полон приключений.

Состав группы был мал, но слаженность и сплоченность были их сильными сторонами. Четверо смельчаков, вооруженных наборами инструментов и решимостью, представляли собой ядро команды, способной восстановить связь в самых экстремальных условиях.

Солнце взошло, и группа отправилась в путь. Их миссия заключалась в ремонте воздушной линии связи, пострадавшей от жестокой зимы. Одна из главных задач – восстановить опоры, упавшие от снежных бурь и ледяных вихрей.

Казалось бы, что сложного? Подобные работы они проводят ежегодно, но в этот раз связисты испытывали существенный недостаток аппаратов ТА-57, необходимых для обеспечения надежной связи.

Отличие военного связиста от гражданского в том, что военный любым способом выполнит поставленную задачу. Поэтому группа уже на месте разработала планы резервирования. Но тут же возникла другая проблема - подниматься на опоры воздушной линии оказалось гораздо сложнее, чем они предполагали. Старые ЛАЗы, предназначенные для подъема, требовали тщательной проверки и ремонта. Но военнослужащие не сдавались. Они использовали свои навыки и изобретательность, чтобы обойти препятствия, вставшие у них на пути.

Выявление обрывов линии – еще одна головоломка, требующая решения. Однако группа быстро нашла альтернативные методы обнаружения обрывов, используя доступные инструменты и знания.

А пока связисты возились со стальными опорами и ржавыми крючками, судьба преподнесла им сюрприз. В лабиринте проводов и стальных веревок молодой военный связист по имени Эрлан встретил свою принцессу Малику. Эта девушка, столь же загадочная, как и горы Ак-Сая, была дочерью чабана, который пас стадо на этих землях. Их встреча была словно сюжет из романтического фильма.

Каждое утро Эрлан спешил на место обрыва связи, и, работая до седьмого пота, он все время думал о Малике. А она, помогая отцу, мечтала о встрече с пограничником.

Среди звуков эха в горах два молодых сердца бились в унисон. Время, будто остановившись, давало им возможность продлить этот сладостный момент первой влюбленности. В тени величественных елей на границе, где сливаются небо и земля, зарождались первые чувства любви между Эрланом и Маликой.

Товарищи Эрлана радовались за него, но и он, и они понимали, что необходимо выполнить задачи в срок. Молодые люди успели сказать друг другу самые важные слова. Их чувствам пришлось пройти еще одно испытание временем и все закончилось как в сказке – веселой свадьбой, на которой вспоминали эти августовские дни в горах.

История Эрлана и Малики стала символом любви, преодолевшей сложнейшие испытания.

Пятнадцать дней похода - время, наполненное не только ремонтами и подъемами на горные высоты, но и эмоциями, которые превратили обычную работу в приключения. Вернувшись на базу, группа военных связистов доложила командованию о выполнении поставленных задач. А вечером дома каждый из них рассказал о своих приключениях, о первой любви Эрлана и Малики, о том, как каждый из группы старался сберечь зарождавшиеся чувства молодых, предоставляя им возможность подольше побыть вдвоем.

И было чувство, что каждый человек из этой группы связистов был соединен друг с другом важной нитью, пропитанной уважением, чистотой помыслов и добротой.

Связь на границе была восстановлена, а горы Ак-Сая подарили Кыргызстану новую ячейку семьи, любовь которой зародилась там, где горные вершины словно тонут в облаках.

**С любовью к приключениям и романтике, коллектив службы связи в/ч 2025.**

# ӨЗ ӨМҮРҮҢӨРДҮ САКТАП КАЛГЫЛА!

**Энергетикалык суусундуктар азыр жаш муундун, өзгөчө өспүрүмдөрдүн арасында өтө популярдуу болууда. Анткени, шайыр шатман жана шандуу дем жаратаарын, ошондой эле солгундап бараткан концентрацияны жогорулатаарын убада кылышат. Деген менен, бул убаданын аркасында суусундуктун жашоого коркунуч жарата турган зыяндуу жактары бар экени айтылбайт...**

Энергетикалык суусундуктарды чыгаргандардын бардык убадаларына карабастан, мындай суусундуктар ден-соолугубузга өтө чон зыян келтирет. Анткени, энергетикалык суусундуктардагы негизги ингредиенти көбүнчө кофеин, таурин, глютамин жана кант болуп саналат. Аты аталган бул ингредиенттер, эгер аз өлчөмдө пайдаланылса, организмге оң таасирин тийгизип, сергектик сезимин жогорулатып, физикалык активдүүлүктү колдой алат. Ал эми бул ингредиенттердин өлчөмү көп болсо, анда организмге тийгизген зыяны оор кесепеттерге алып келиши мүмкүн. Эми коркунуч маселеси каякта жатат? Коркунуч маселеси, энергетикалык суусундуктардагы кездешүүчү ингредиенттердин эбегейсиз көп дозаларды камтыганында жатат. Мисалы, энергетикалык суусундуктун бир банкасында кофеин аттуу ингредиентинин дозасы 100 мгдан 400 мгга чейин камтылышы мүмкүн. Салыштырсак, күнүмдүк адамдар ичкен бир чыны кофеде 12 мг кофеин бар. Жыйынтыктасак, бул бир убакта жок дегенде 8 чыны кофе ичүүгө барабар экенин аныктасак болот. Ашыкча кофеин денеге көптөгөн терс таасирин тийгизиши мүмкүн. Биринчиден, нерв системасына ашыкча дем берип, денени толкундатып, тынчсызданууу, уйкусуздук пайда болуп, жүрөктүн кагышын жогору ылдамдыкка алып келет. Ошондой эле, окумуштуулардын айтымында, бул заттын көп санда колдонулушун гипертонияны (кан басымдын жогорулашы), аритмияны (жүрөктүн согуу ыргагынын бузулушу) жана жүрөк оорусуна чалдыгуу коркунучунун өсүшү менен байланыштырышат.

Ошондой эле, энергетик суусундугунда кездешүүчү кант ингредиенти жөнүндө айта кетсек, бир энергетиктин банкасында канттын камтылышы 27 аш кашык кантына барабар экени окумуштуулар тарабынан аныкталган. Суусундуктардагы канттын курамы жогорку деңгээлде болуусу денеге сиңгенден баштап кандагы глюкозанын деңгээлин жогорулатып, диабет, семирүү жана жүрөк-кан тамыр ооруларына алып келиши талашсыз.

Көптөгөн адамдар аларды суу же табигый ширелер сыяктуу пайдалуу суусундуктардын ордуна колдонуп келишет. Бул суусундукту көп колдонууга алып келген себептердин бири, энергетикке көз карандылыктын пайда болушу. Анткени, организимге ашыкча даражадагы кофейиндин сиңиши адамдын мээсин стимулдайт. Мээнин стимулдоо эффектисине жетүү үчүн, энергетикалык суусундуктарды организм көбүрөөк колдонушун талап кыла баштайт. Кийинки учурларда адам өзүнүн күнүмдүк нормалдуу абалын сактап калууда энергетиктин организмге улам-улам зарыл болгонун сезе баштайт, бул болсо организмге коркунучтуу, катаал абалды жаратышы мүмкүн. Салыштырмалуу бул абал, айлампадан чыга албай, туюк чийиндин ичинде, жол таппай жүгүрүп жүргөн кишиге барабар.

Медицина илимдеринин кандидаты, "Гемотест" лабораториясынын доктору-эксперт Екатерина Кашухтун: «Бардык энергетикалык суусундуктардын иштеши жана курамы окшош. Алар үч негизги компоненттин негизинде турат: жогорку дозадагы кант, кофеин жана таурин. Мындай ичимдиктин курамы салыштырмалуу коопсуз көрүнөт, бирок адам аны ичкенде организм, бакта бензин калбай калса дагы, газды катуу басып жаткандай сезилет" деп айтканы бар.

"Энергетикалык суусундуктардын ден-соолукка тийгизген терс таасири тууралуу ар кайсы өлкөнүн дарыгерлеринин билдирүүлөрү бар. Маселен, алардын бири Лондондо катталган. Ооруканага денесине шишик пайда болуп жана деми кысылып жатканына арызданган адам кайрылган. Көрсө, ал эки жыл бою күнүнө эки литрге жакын энергетикалык суусундук иччү экен. Дарыгерлер анын декомпенсацияланган кардиомиопатияга чалдыгып, жүрөгү алсырап, кан соргону кыйын болгонун аныкташкан. Бир аз убакыт өткөндөн кийин, ал адам тромбоз жана бир катар инсульт болгон. Бөйрөктөр да алсырап, өз милдетин көтөрө албагандыктан, гемодиализге өткөрүү менен, оорулуу эптеп куткарылган.

Бул коркунучтуу фактор боюнча Кыргызстандын дарыгерлери 2014-жылдан бери коңгуроо кагып келишет. Кыргызстандын Саламаттыкты сактоо министрлиги Жогорку Кеңештин айрым депутаттары менен бир топ болуп, "Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" бир нече жолу мыйзам долбоорун сунуштаган.

Натыйжада, 2017-жылы Кыргызстандын парламенти жашы жете электерге энергетикалык суусундуктарды сатууга тыюу салган мыйзамды кабыл алган. Белгилей кетсек, Жогорку Кеңештин депутаттары бул мыйзам долбоорунун жоболорун дээрлик үч жыл талкуулап келишкен.

Бул мыйзам бузулган учурда жарандарга эсептик көрсөткүчтүн жүз өлчөмүндө же 10 миң сомдон, юридикалык жактарга 200 же 20 миң сомдон, кызмат адамдарына эсептелген жети жүз өлчөмүндө айып салуу сунушталууда (70 миң сом).

Бекитилген мыйзамга ылайык, алкоголдук продукцияны, тоник, алкоголсуз жана аз алкоголдук ичимдиктерди 18 жашка чыга элек өспүрүмдөргө, массалык иш-чаралар өтүүчү жерлерде, аскердик бөлүктөрдүн аймагында, аскердик соода объектилерин кошпогондо, ошондой эле чатырларда, контейнерлерде, соодага ылайыкташтырылган эмес жерлерде сатууга жол берилбейт.

Мындан тышкары, Экономика жана соода министрлиги билдиргендей. Кыргызстандын президенти Садыр Жапаров 2023-жылдын 3-июлунда энергетикалык суусундуктарды жарнамалоого тыюу салган "Жарнак жөнүндө" мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизген.

Ошондуктан, дене үчүн узак мөөнөттүү энергия алуунун мыкты альтернативасы, дайыма пайдалуу азык түлүктөн тамак-аш, жөнөкөй таза суу жана үзгүлтүксүз физикалык иш-аракет болуп саналат.

**КР УКМК Чек ара кызматынын тарбия иштер башкармалыгы.**

# МЕЛДЕШТЕ ТАТЫКТУУ ОРУН ЭЭЛЕШТИ

**Үстүбүздөгү жылдын 25-29-июль күндөрү Казакстан Республикасынын Жаркент шаарында Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештигинин чек ара аскерлеринин Кол башчыларынын кеңешининин Координациялык кызматынын 2023-жылдын планына ылайык чек ара көнүгүүлөрүнүн үч түрү боюнча чемпионат уюштурулуп өткөрүлдү.**

Аталган чемпионатка жалпысынан 4 курама команда катышып күч сынашты. Алар Кыргыз Республикасынын УКМК Чек ара кызматынан, Россия Федерациясынын ФКК Чек ара кызматынан, Беларусь Республикасынын Чек ара кызматынан жана Казакстан Республикасынын УКМК Чек ара кызматынан уюшулган командалар болду.




Чемпионаттын жыйынтыгында Россиянын курама командасы 1-орунга, Кыргызстандын курама командасы 2-орунга, Казакстандын курама командасы 3-орунга, Беларустун курама командасы 4-орунга татыктуу болушту.

Ал эми жеке орундар боюнча уюшулган мелдеште А. Ааматбек уулу граната ыргытуу боюнча 1-орунду ээледи.

Ошондой эле күжүрмөн даярдык башкармалыгынын улук офицери подполковник З. Аккучукова чемпионаттын калыстыгына жигердүү катышып, кесипкөйлүгүн көрсөткөндүгү үчүн Казакстан Республикасынын УКМК Чек ара кызматынын директорунун грамотасы менен сыйланды.

**Ж. Омурзаков.**

Гезит ээси КР УКМК чек ара кызматы

Чегарада. На границе. Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин чек ара кызматы. Январь, 2022-жыл № 001

**Редактор**
Осмоналиев Мирбек

**Тел.: 54-28-99**

2003-жылдан бери жарыкка чыгат.
Сунуштарыңыздарды жана ой-пикирлериңиздерди гезиттин chegarada@gmail.com дарегине жөнөтсөңүздөр болот
Гезит редакциянын компьютердик бөлүмүндө терилип жасалды.

Гезит Адилет министрлигинен каттодон өткөн.
Күбөлүк №813
«ММКны колдоо борбору» фондунун басмаканасында басылды.
Буйрутма 1226. Нускасы 4000.